| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>БОЛОТ МАМБЕТОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>БОЛОТА МАМБЕТОВА** |

**Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин
VIII чакырылышынын III сессиясы**

**Токтом**

**2025-жылдын 3-февралы №34** **Төрт-Күл айылы**

**Болот Мамбетов айыл аймагындагы кыймылсыз мүлккө жана калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгынын зоналдык коефициентин көтөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигине караштуу мамлекеттик салык кызматынын 2025-жылдын 14-январындагы №01-4/74 катынын негизинде Болот Мамбетов айыл өкмөтүнүн кирешелер, чыгашалар боюнча жетектөөчү адиси А.Бердиматованын маалыматын жана пландоо, бюджет жана экономикалык реформа, инвестиция тартуу маселелери боюнча комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап жергиликтүү Кеңешинин сессиясы **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Болот Мамбетов айыл аймагында турак жайга мүлк салыгынын коэффициенти 8,5 (1-группадагы мүлк) болуп бекитилсин.
2. Болот Мамбетов айыл аймагында калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгынын зоналдык коэффициенти 2,0 ге көтөрүлүп бекитилсин.
3. Турак жай багытындагы эмес имараттарга (2-группа) жана комерциялык жайлар үчүн мүлк салыгынын зоналдык коэффициенти 2,0 ге көтөрүлүп бекитилсин
4. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү, ченемдик укуктук актылардын Реестрине кошуу үчүн Юстиция министрлигинин Ысык-Көл областтык бөлүмүнө жөнөтүү жагы Болот Мамбетов айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин жооптуу катчысы Г.Садыровага милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **М.Жунушалиев**